## Бишкек шаарындагы SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплекси

№_______Педагогикалык кеңешменин чечими
“____” ____________2026-жыл

# ӨЗҮН-ӨЗҮ БААЛОО БОЮНЧА ОТЧЁТУ

# ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯ

***Өзүн-өзү баалоо боюнча комиссиянын курамы:***

**Төрайымы:**

| | |
|---|---|
| 1. Мейрманова Сауле Жаксуликовна | - директор |
| **Комиссиянын курамы:** | |
| 2. Нурманбетова Айгүл Ташиевна | - директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары |
| 3. Кулалиева Нурайым Рысбековна | - директордун тарбия иштери боюнча орун басары |
| 4. Каримова Жаңылкан Абдрахмановна | - “Мөл булак” усулдук бирикмеси |
| 5. Абатбекова Чынара Туратбековна | - “Насыят” усулдук бирикмеси |
| 6. Ниязалиева Назира Согушбековна | - “Дилгир” усулдук биркмеси |
| 7. Калыгулова Кенже Дуйшеналиевна | - башкы бухгалтер |
| 8. Кыдралиева Гулзат Абылбековна | - китепканачы |
| 9. Замирбек кызы Айдай | - логист |
| 10. Абазганова Мырзайым Асейиновна | - директордун ассистенти |

2026-жылдын 6-февралындагы № 11/3/1 “Мектепте өзүн-өзү баалоо өткөрүү жөнүндө” буйругу

| **МАЗМУНУ** | |
|---|---|
| **Кыскартуулардын тизмеси** | 3 |
| **Киришүү** | 4-6 |
| **Стандарт 1.** Билим берүү сапатын камсыз кылуу саясаты | 7-19 |
| **Стандарт 2.** Адам ресурстарын башкаруу | 20-24 |
| **Стандарт 3.** Материалдык жана маалыматттык ресурстар | 25-29 |
| **Стандарт 4.** Финансылык ресурстарды башкаруу | 30-41 |
| **Жыйынтык** | 42 |

1. **Дареги: Дареги.pdf**
2. **Лицензия: Лицензия**
3. **Сертификат: Сертификат.pdf**
4. **Күбөлүк: Куболук.pdf**

# КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| **ЖӨӨК** | Жаш өрт өчүргүч кошууну |
| **УПСМ** | (Управление патрульной службы милиции) |
| **МККБ** | Милициянын кайгуул кызмат башкармалыгы |
| **УБ** | Усулдук бирикме |
| **КР** | Кыргыз Республикасы |
| **ИДН** | ( Инспекция по делам несовершеннолетних) (Жашы жете электердин иштери боюнча инспекция) |
| **DSD** | Немец тил диплому |
| **DAAD** | Германиядагы академиялык алмашуу кызматы |
| **УТБ** | Улуттук тест жүргүзүү борбору |
| **ЖРТ** | Жалпы республикалык тест |
| **КББА** | Кыргыз Билим берүү илиминин кабарлары журналы |

## *Кириш сөздө келтирилген маалыматтар:*

- билим берүү уюмунун почта дареги, телефондору, e-mail, веб-сайты;
- билим берүү уюмун түзүү жөнүндө маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет);
- билим берүү уюмунун уюштуруу-укуктук формасы жана менчигинин формасы жөнүндө маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет);
- билим берүү уюмунун жетекчисинин, орун басарларынын, аккредитацияга жооптуунун толук аты жөнү жана алардын байланыш маалыматтары (телефондор, e-mail);
- өзүн өзү баалоо боюнча комиссиянын курамы;
- билим берүү уюмунун ишке ашырылуучу билим берүү программаларынын тизмеси;
- билим берүү уюмунун билим берүү программаларынын ишке ашырылуучу тизмеси;
- билим берүү программаларына лицензиялар жөнүндө маалыматтар (лицензиянын көчүрмөлөрү жана алардын тиркемелери тиркелет);
- билим берүү уюмунун билим берүү программаларын аккредитациялоо жөнүндө маалыматтар (аттестаттын көчүрмөлөрү тиркелет);
- билим берүү уюму алган сыйлыктар жөнүндө маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет);
- билим берүү уюмунун ар кандай уюмдарга мүчөлүгү жөнүндө маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү);
- бардык билим берүү программалары боюнча окуучулардын саны жөнүндө маалыматтар (тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет);
- окуу пландары жөнүндө маалыматтар (окуу пландарынын көчүрмөлөрү тиркелет);
- билим берүү уюмунун кыскача тарыхы.

# Киришүү

“SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплексинин” курулушу 2002-жылы Эл аралык SOS Балдар айылдары кайрымдуулук фондунун колдоосу менен ишке ашырылган. Герман Гмайнер XX кылымдын улуу гуманисти, SOS-KINDERDORF INTERNATIONAL кыймылынын негиздөөчүсү жана жетим балдарды тарбиялоонун гумандуу моделинин автору болуп эсептелинет. Бул модель 4 принципке негизделген: апа, бир туугандар, үй - бүлө, Балдар айылы. 2006-жылдан баштап Бишкек шаарынын мэриясы коммуналдык төлөмдөрдү жана мугалимдердин айылыгынын 30% төлөп берүүгө чечим чыгаргандан кийин коомчулуктан контрактык негизде окуучулар кабыл алына баштаган. Бул чечим “SOS Балдар айылынын” тарбиялануучуларын жана дегеле бардык окуучуларды социалдаштырууга, келечектеги жашоого керектүү компетенттүүлүккө ээ болууга мүмкүнчүлүк берди. Азыркы күндө ОТКда 955 окуучу окуйт. Анын ичинен Балдар айылынан 26, “Үй-бүлөнү бекемдөө” долбоорунан 9, мүмкүнчүлүгү чектелген балдар 23, социалдык топ (ата-энесинин бирөөсү каза болгондор, жалгыз бой энелер, жалгыз бой аталар, үй-бүлөсүндө майыптардын болушу, Афган, Чернобыль, Баткен, Апрель окуяларынын катышуучуларынын балдары, асыранды балдар, көп балалуу үй-бүлөнүн балдары, мигранттардын балдары, тоголок жетимдер) жана коомчулуктан финансылык мүмкүнчүлүгү бар үй-бүлөнүн балдары билим алышат. Жашоо шарты, ден соолугу, мүмкүнчүлүгүнүн ар кандай болушуна карабастан, бардык окуучуларга бирдей билим берүү кызматы көрсөтүлөт.

“SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплексинин 1-уюштуруучу SOS-KDI кайрымдуулук фонду, 2-уюштуруучу Бишкек шаарынын мэриясы. Уставка ылайык “SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплекси мектепке чейинки, башталгыч, негизги, орто билим берген мекеме болгондуктан, эң жогорку органы уюштуруучулардын жалпы чогулушу болуп эсептелинет (уюшуруучу №1, уюштуруучу №2). ОТКнын өзгөчөлүгү - Кыргызстандагы ата-энелердин жана австриялык донорлордун жардамы менен жабдылган күчтүү, уникалдуу материалдык-техникалык базасы бар немис тилин тереңдетип окуткан, кыргыз тилиндеги жеке менчик мектеп. Окуу-тарбия иштерин күчтүү жогорку квалификациялуу педагогдор жана кызматкерлер ишке ашырат.

“SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплекси 2005-2006-окуу жылында эң биринчи бүтүрүүчүлөрүн узатышкан. Бул жылдардын аралыгында биздин бүтүрүүчүлөр дүйнөнүн төрт бурчунда өзгөчө Германияда, Австрияда жана башка мамлекеттерден ийгиликтүү окуп жана эмгектенип жатышат.

“SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплекси” Мекемеси акыркы институтционалдык аккредитациядан өткөндүгү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Билим Берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 26-майындагы №835\1 буйругунун негизиндеги СЕРТИФИКАТ №VI210001569 мөөнөтү: 2026-жылдын 26-майына чейин берилген.

- SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплекси” Мекемесинин директору: Мейрманова Сауле Жаксуликовна 0553 77-71-11. Saule.Meirmanova@soskyrgysztan.kg
- SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплекси, Кыргыз Республикасы Бишкек шаары, А. Токтоналиев көчөсү 137а, факсы:+996 (312)547938, почтасы: hgec@soskyrgyzstan.kg,

## SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплекси

Почта дареги: 720044
Телефон номери: (312) 54 52 03
e-mail: Saule.Meirmanova@soskyrgyzstan.kg
Веб-сайт: -Сайт

**Аккредитацияга жооптуулар:**

| № | ФИО | Телефон номери | e-mail |
|---|---|---|---|
| 1 | Мейрманова Сауле Жаксуликовна | 0553-77-71-11 | Saule.Meirmanova@soskyrgyzstan.kg |
| 2 | Нурманбетова Айгул Ташиевна | 0551-65-45-45 | Aigul.Nurmanbetova@soskyrgyzstan.kg |
| 3 | Кулалиева Нурайым Рысбековна | 0706-98-31-00 | Nuraiym.Kulalieva@soskyrgyzstan.kg |
| 4 | Сулайманова Айпери Дадабаевна | 0700-70-72-92 | Aiperi.Sulaimanova@soskyrgyzstan.kg |

## 2. Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база

| № | Өзүн-өзү баалоонун критерийлери | Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы | Далил базасы |
|---|---|---|---|
| **Стандарт 1. Билим берүү сапатын камсыз кылуу саясаты** | | | |
| **1.1.** | **Стратегиялык жана учурдагы пландар билим берүү уюмунун миссиясына жетишүүгө жөндөм түзөт жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн канааттандырат.** | Мектептин стратегиялык (5 жылдык өнүгүү программасы) жана жылдык иш пландары миссияга шайкеш иштелип чыгып, педагогикалык кеңеште бекитилип кабыл алынган. Анда улуттук маданиятка жана жалпы дүйнөлүк баалуулуктарга таянуу менен заманбап коомдун жаңы лидерлерин тарбиялалоого багытталган. Окутуунун жана өнүгүүнүн инновациялык стратегияларын колдонуу аркылуу ар бир окуучунун жекече өзгөчөлүгүн, шыгын жана жөндөмүн өнүктүрүүгө шарт түзүп, алардын эркиндигин, жоопкерчилигин жана өз алдынчалыгын колдойт. ОТК – бул ар бир бала өз мүмкүнчүлүгүн ачып, өзүн таба алган, ийгиликке жетүү жолун аныктап, үзгүлтүксүз өнүгүүгө багыт алган билим берүү чөйрөсү. ОТКнын миссиясынын негизги матсаты: жогорку сапаттагы билимге, бекем социалдык көндүмдөргө жана жогорку адеп-ахлактык баалуулуктарга ээ, сынчыл жана чыгармачыл ой жүгүртө алган, өз алдынча чечим кабыл алган жана өз жашоосу үчүн жоопкерчиликтүү инсанды калыптандыруу. Мектеп окуучуга илимдин негиздерин үйрөтүү менен гана чектелбестен, аны дайыма өзгөрүп турган шарттарда жашоого даярдайт. Пландар окуучулардын билим сапатын жогорулатууга, коопсуз билим берүү чөйрөсүн түзүүгө жана ата-энелер менен кызматташтыкты өнүктүрүүгө | **Тиркеме 1.1.1.**<br>Өнүгүү программасы<br><br>**Тиркеме 1.1.2.**<br>2024-2025-окуу жылынын жылдык иш планы<br><br>**Тиркеме1.1.3.**<br>Педагогикалык кеңешменин №5 протоколу (жылдык планды бекитүү жөнүндө)<br><br>**Тирекме 1.1.4.**<br>Биздин миссия<br><br>**Тирекме 1.1.5.**<br>Базистик окуу планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | багытталган. “SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплексинин” стратегиялык жана учурдагы пландар билим берүү уюмунун миссиясына жетишүүгө жөндөм түзөт жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн канааттандырат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 14-мартындагы №131 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына (мындан ары - Мамлекеттик стандарт) жана кызыкдар тараптардын аныкталган керектөөлөрүнө ылайык келет. ОТК - башталгыч жалпы, негизги жалпы, орто жалпы билим берүү программаларын иш жүзүнө ашыруучу мекеме. Планды аткаруу этаптары , натыйжалары көрсөтүлгөн. (тиркеме) Кызыкдар тараптардын талаптары жана күтүүлөрү мектептин миссиясында, стратегиялык планда, мектептин максаттарында камтылган, алар күтүлгөн жыйынтыктар менен шайкеш келет. Стратегиялык план педагогикалык кеңеште каралып бекитилген. План боюнча коюлган максаттар, окутуунун жыйынтыктары көрсөтөт. | |
| **1.2.** | **Кызыкдар тараптардын катышуусу менен чечимдерди кабыл алуу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн стратегиялык жана учурдагы** | Стратегиялык жана учурдагы пландарды ишке ашыруу үчүн ОТКнын ишине жыл сайын мониторинг жүргүзүлөт. Жыйынтыгы боюнча иш-чаралар планы түзүлөт.<br>ОТКнын функционалдык негизин директор - педагогикалык кеңеш - директордун орун басарлары - усулдук кеңеш - усулдук бирикмелер – мугалимдер түзөт. Педагогикалык кенеш – методикалык кеңеш аркылуу окутуу – тарбиялоо процессине катышуучулардын күч – аракетин | **Тиркеме 1.2.1.**<br>Ата-энелер жыйынынын протоколдору<br>протокол 1<br>протокол 2<br><br>**Тиркеме 1.2.2.**<br>2022-2023<br>2023-2024 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **пландарды ишке ашыруу, билим берүү уюмунун ишине жыл сайын мониторинг жүргүзүү.** | координациялайт, окуу процессин камсыздайт жана жетектейт.<br>ОТКда сапаттуу билим берүүнү камсыз кылууну ишке ашырууга жооптуулар:<br>1. ОТК администрациясы - окуу-тарбия иштерин жүргүзүүсүн, окуу программасынын аткарылышын, сабактардын сапаттуу өтүлүшүн, педкадрлар менен камсыз кылышын, материалдык-техникалык базаны чыңдоосун, ар бир предметтик мугалимге иштөөгө шарт түзүлүшүн, мектептин ички көзөмөлүнүн жүргүзүлүшүн, окуучулардын мыкты билим алуусун, жетишкендиктерин көзөмөлдөйт.<br>2. Усулдук бирикме - жетекчилери – предметтердин мамлекеттик билим берүү стандартын туура, так аткарылышына, окуу программалар менен календардык-тематикалык пландардын негизинде сабактардын өтүлүшүнө, нормативдердин (жазуу, лабораториялык, практикалык иштердин, тест ж.б.) аткрылышын көзөмөлдөйт.<br>3. Предметтик мугалимдер - окуу программасынын аткарылышын көзөмөлдөшөт, ар бир окуучунун өздөштүрүүсүнө мониторинг жүргүзүшөт, шыктуу балдар менен жетишпеген, программаны начар өздөштүргөн окуучулар менен иш алып барышат.<br>Класс жетекчилер - класстын сабакка болгон мамилесин, жүрүм-турумун, сабакка катышуусун көзөмөлдөйт жана ата-энелер менен иш жүргүзөт. Окуучуларды сабакка болгон шыктандыруусун | 2024-2025<br>2025-2026<br><br>**Тиркеме 1.2.3.**<br>Жылдык анализ<br><br>**Тиркеме 1.2.4.**<br>Сурамжылоонун жыйынтыгы ( окуучулар арасында)<br>Сурамжылоонун жыйынтыгы (ата-энелер арасында) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | арттырат, жүрүм-туруму боюнча кеңеш берет. Ата-энелер менен биргеликте иш алып барышат.<br>Усулдук бирикмелерге мугалимдер өзүлөрүнүн усулдук, кесипчилик чеберчиликтерин өркүндөтүү, окутууда заманбап үлгүдө окутуу талаптарын камсыз кылууга, чыгармачыл табылгаларды бириктирүүнүн негизинде биригишип иш алып барат. Окутуунун жана тарбиялоонун биримдиги аркылуу терең билим берүү менен билим сапатын жогору көрсөткүчкө жеткирүүгө, алган билимин турмушта колдоно ала турган компетенттүү, ар тараптуу өнүккөн кайрымдуу, боорукер, мекенчил инсанды тарбиялоого аракеттенишет. Биздин ОТК-жашоо шарты, ден соолугу, окуу мүмкүнчүлүгү ар кандай болгон окуучуларга бирдей шарт түзүлгөн комплекс.<br>• Билим сапатынын жогорку көрсөткүчүнө жетүү үчүн билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын эффективдүү иштеши үчүн билим берүүнүн мазмуну, технологиялары каралган;<br>• Сабактын максатын окуучунун позициясынан коюу;<br>• Формативдик, диагностикалык баалоону дайыма колдонуу;<br>• Бардык сабактарда баалоонун критерийлерин колдонуу;<br>• Мугалимдердин кесипкөйлүгүн тынымсыз жогорулатып туруу каралып турат.<br>Боорукер, кайрымдуу, коммуникативдүү, жогорку маданияттуу инсанды тарбиялоого шарт түзүү – бул негизги принцип болуп саналат. Мектеп жетекчилиги тарабынан жыл сайын окуучулардын билим сапатын анализдөө боюнча пландар иштелип чыккан. Пландоо, уюштуруу жана баалоо | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | механизмдери окуу жылынын башындагы педкеңеште, директор алдындагы кеңешмеде, усулдук бирикмелердин кеңешмесинде талкууланып бекитилет жана функционалдык милдеттер бөлүштүрүлөт. Билим сапатын анализдөө багытында ОТКнын “ОТК ичиндеги көзөмөлдөө жөнүндө” Жобосунун негизинде иш алып барат. Жободо ички көзөмөлдөөнүн максаттары, принциптери, милдеттери, методдору, формалары жана эрежелери көсөтүлгөн. Ага ылайык:<br>1.Ар бир стратегиялык пландарды ишке ашыруунун мониторинги, жыйынтыгы мектеп ишинин анализинде көрсөтүлгөн.<br>2.Ар бир чейректе пландардын аткарылышы боюнча чейректик, жарым жылдык жыйынтыктар боюнча анализ жүргүзүлүп турат.<br>Структуралардын функционалдык милдеттерди аткаруу ченемдери объективдүү чечимдин негизинде кабыл алынат:<br>3.Объективдүү чечим структуралардын функционалдык милдеттеринин бекитилген аткаруу ченемдеринин негизинде кабыл алынат:<br>• Билим сапатын баалоо системасын камтыган билим берүү прогаммасы ишке ашырылат;<br>• ОТКнын абалын жана өнүгүүсүн мүнөздөгөн көрсөткүчтөр иштелип чыгат жана ишке ашырылат.<br>Окуу программасынын негизинде мектепти билим берүү сапаты боюнча текшерүү процедуралары, мониторинг, сурамжылоо жана башка изилдөөчүлүк иш - чаралар аркылуу жүргүзүлөт. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Окуучулардын билим берүү программасы боюнча окутуудан күтүлүүчү натыйжалары бардык кызыкдар тараптарга, ата-энелерге, мугалимдерге, класс жетекчилерге жеткирилет. Мониторингдин жыйынтыгы башкаруу системасынын (педагогикалык кеңешменин, директор алдындагы кеңешменини, методкеңештин, усулдук бирикмелердин) отурумдарында анализденет, салыштырылат жана тиешелүү чечимдер чыгарылат.<br>Окуу программасынын ишке ашырылышын баалоо, мониторинг жүргүзүү, мектептин жооптуу структуралары (окуу-тарбия иштери боюнча орун басарлары, метод бирикмелер) тарабынан жүргүзүлөт.<br>Окуучулардын билим сапатын, жетишүүсүн жана предметтик компетенттүүлүктөрүн баалоодо объективдүүлүктүн сакталышы үчүн баалоонун критерийлери, текшерүүнүн түрлөрү: (экзамен, эссе, тест ж.б.) негизги талаптар жөнүндө окуучуларга алдын ала маалымат берилип, анын мамлекеттик стандартка дал келиши эске алынат. | |
| **1.3.** | **Ички башкаруу системасы натыйжалуу иштейт жана билим берүү уюмунун миссиясын ишке ашырууга жөндөм түзөт.** | ОТКда башкаруу структурасы так аныкталган (директор, окуу бөлүм башчысы, тарбия иштери боюнча орун басар, усулдук бирикмелер). Милдеттер кызматтык нускамага ылайык бөлүштүрүлгөн. Мектеп өзүнүн ишмердүүлүгүн:<br>• Кыргыз Республикасынын Конституциясына;<br>• Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” Мыйзамына;<br>• Балдардын укугу жөнүндөгү Конвенциясына; | **Тиркеме 1.3.1.**<br>Кодекс поведения<br><br>**Тиркеме 1.3.2.**<br>Положение о медицинском кабинете<br><br>**Тиркеме 1.3.3.**<br>Билим берүү мыйзамы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндөгү Кодексине, КР Президентинин 10.07.2012-ж №100 токтомуна ылайык;<br>• Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары жөнүндө типтүү жобо (КР Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 23-майындагы № 279 токтомунун редакциясына ылайык);<br>• Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасына ылайык;<br>• Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2025- жылдын 14-мартындагы № 131 токтомуна ылайык бекитилген мамлекеттик билим берүү стандарттарына;<br>• Мугалимдин статусу жөнүндө мыйзамына;<br>• ОТКнын Уставына;<br>• ОТКнын миссиясына жана ички локалдык актыларына таянуу менен иш алып барат. | **Тиркеме 1.3.4.**<br>Положение о противодействии коррупции<br><br>**Тиркеме 1.3.5.**<br>Положение тарификационная комиссия<br><br>**Тиркеме 1.3.6.**<br>Кошумча билим берүү боюнча жоболор<br><br>**Тиркеме 1.3.7.**<br>Мамлекеттик билим берүү стандарты |
| **1.4.** | **Билим берүү уюму билим берүү ишин жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук актылардын болушу жана талаптарын сактайт.** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 7-декабрындагы №573 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына (мындан ары - Мамлекеттик стандарт) жана кызыкдар тараптардын аныкталган керектөөлөрүнө ылайык келет.<br>КРнын Мамлекеттик каттоо күбөлүгү, ОТКнын уставы, бекитилген базистик окуу планы, билим берүү лицензиясы – ички актылар КРнын Билим берүү жаатындагы Мамлекеттик стандарттын минималдык талаптарына аткарат. ОТК ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын | **Тиркеме 1.4.1.**<br>Мектептин Уставы<br><br>**Тиркеме 1.4.2.**<br>Ички тартип эрежелери<br><br>**Тиркеме 1.4.3.**<br>Педагогикалык кеңеш жөнүндө жобо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | билим берүү тармагындагы ченемдик укуктук актыларына ылайык жүргүзөт. Ички жоболор иштелип чыккан жана аткарылат. | **Тиркеме 1.4.4.**<br>Эмгекти коргоо жана коопсуздук боюнча нускама |
| **1.5.** | **Кызыкдар тараптар билим берүү уюмунун ишинин натыйжалары жөнүндө маалымат алууга мүмкүнчүлүгү бар.** | Мектептин ишмердүүлүгү тууралуу маалымат ата-энелер жыйындарында, мектеп сайтында, социалдык тармактарда жана маалыматтык стенддерде жарыяланып турат. Мектеп кабыл алган стратегиялык жана жылдык пландын аткарылуусун көзөмөлдөө жана анализ жүргүзүү максатында кызыкдар тараптардан (ата-энелер комитети, мугалим жана окуучулар) сурамжылоолор бир жылда бир жолу жана жалпы ата-энелер чогулушу бир жылда 2-3 жолу өткөрүлүп, алардын талаптарын жана керектөөлөрүн эске алып, планга ондоолор жана түзөтүүлөр киригизилет. Керектөөлөр: анкета алуу, тегерек стол, чогулуш, аңгемелешүү формасында өткөрүлөт. Негизги суроолор жана пикир алышуулар төмөндөгү багыттарга көзөмөл кылууга багытталган:<br>• Окуу программасы жана окуу планынын аткарылышы;<br>• Билим берүү багытындагы мыйзамдардын аткарылышы;<br>• Окуучулардын билим сапатынын абалы;<br>• Тарбиялык иштердин аткарылышы;<br>• Предметтердин берилиши;<br>• Класстан тышкаркы иштердин абалы; | **Тиркеме 1.5.1.**<br>Анализ анкетирования родителей.<br><br>**Тиркеме 1.5.2.**<br>Мектеп сайтынын<br>Мектептин сайтынын шилтемеси<br><br>**Тиркеме 1.5.3.**<br>Социалдык тармактагы расмий баракчанын скриншоту<br>шилтеме<br>Инстаграмм<br>ютуб |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • Ашкана жана тамактануунун абалы:<br>• Окуучулардын ден соолугунун сакталышы.<br><br>Ата-энелердин өкүлдөрү сабактарга, иш-чараларга активдүү катышуу менен тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алууга катышат.<br>Сурамжылоолордун анализи, жыйынтыгы педкеңеште, директор алдындагы кеңешмеде жана ата-энелердин жыйналышында талкууланып, тиешелүү чечимдер кабыл алынат. Жогорудагы механиздер ички көзөмөлдөөнүн ыраатту жүрүшүнө, айрым кемчиликтерди өз убагында оңдоого жана кызыкдар тараптар менен ОТКнын тыгыз иштешүүсүнө жардам берет. Ата-энелер комитетинин орду мектептин башкаруу структурасында көрсөтүлгөн. Иш планында иш-чаралар көрсөтүлөт, аткарылышы каралат, сунуштар берилет. | |
| **1.6.** | **Билим берүү уюму өзүнүн академиялык беделин жогорулатуу боюнча чараларды көрөт.** | Окуучулар райондук жана облустук олимпиадаларга, конкурстарга, спорттук мелдештерге катышат.<br>2022-2023-окуу жылында: Экономика сабагы боюнча Эл аралык олимпиадада 11-класстын окуучулары: Орозобеков Актан 1-орун алып, Словакия мамлекетинин Братислава шаарында өткөн Эл аралык экономика боюнча олимпиадага Кыргызстандын атынан катышты. Самсаалиева Арууке 10 мыкты окуучунун курамына кирип, Ысык-Көлгө, балдар лагерине- жолдомо алды.<br>2023-2024-окуу жылында: Экономика сабагы боюнча Эл аралык олимпиадада 11-класстын окуучусу Ибраева Жибек | **Тиркеме 1.6.1.**<br>Олимпиада, конкурс, мелдештердин заявкасы<br><br>**Тиркеме 1.6.2.**<br>Экономика боюнча олимпиаданын жеңүүчүлөрүнүн сүрөттөрү 1<br><br>Экономика боюнча олимпиаданын жеңүүчүлөрүнүн сүрөттөрү 2 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | финалга чыгып, Греция мамлекетине жолдомо алды.<br>2025-2026-окуу жылында: Экономика сабагы боюнча Республикалык олимпиадада 11-класстын окуучусу Омурбеков Айдар финалга чыкты. Райондук жана Республикалык олимпиаданын жыйынтыктары (Тиркеме).<br>*Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу*<br>Немец тили мугалимдери жогорку профессионалдык квалификацияга ээ жана дайыма эл аралык деңгээлде өз квалификациясын тастыктап турушат. (Тиркеме)<br>Мугалимдин автордук эмгеги анын чыгармачылыгын, тажрыйбасын жана кесиптик чеберчилигин көрсөтөт. Мындай эмгектер окуучулардын билим деңгээлин көтөрүүгө, сабакты кызыктуу өткөрүүгө жана билим берүү тармагын өнүктүрүүгө чоң жардам берет. Биздин мектептин мугалимдеринин автордук бир канча эмгектери бар. (Тиркеме) | **Тиркеме 1.6.3.**<br>Экономика боюнча олимпиаданын сертификаттары<br><br>**Тиркеме 1.6.4.**<br>Олимпиаданын жыйынтыктары<br><br>**Тиркеме 1.6.5.**<br>Эл аралык дипломдорду тапшыруу аземи<br>Экзамендерин ийгиликтүү тапшырган окуучуларды сыйлоо аземи<br><br>**Тиркеме 1.6.6.**<br>Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу<br><br>**Тиркеме 1.6.7.**<br>Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу күбөлүктөрү<br><br>**Тиркеме 1.6.8.**<br>ZfA долбоору менен болгон келишим |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | **Тиркеме 1.6.9.**<br>Мугалимдердин тил билүү сертификаттары<br>DSD Gold 1<br>DSD Gold 2<br><br>**Тиркеме 1.6.10.**<br>Жумушчу дептер 5-класс<br>Жумушчу дептер 7-класс<br><br>**Тиркеме 1.6.11.**<br>Семинардын программасы<br><br>**Тиркеме 1.6.12.**<br>Мугалимдердин автордук эмгектери<br><br>**Тиркеме 1.6.13.**<br>Предметтик олимпиада өткөрүү боюнча жобо |
| **1.7.** | **Билим берүү уюму билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыз кылат.** | ОТК Бишкек шаарынын түштүк тарабындагы эс алуучу парктардын жанында, экологиялык таза аймакта жайгашкан. Мектептин территориясы 2,4 ганы түзөт. Бак-дарактар, гүлдөр отургузулган.ОТКнын аймагын жашылдандырууга жылда 11-класстын окуучулары класс жетекчилер менен бирдикте өз салымдарын кошуп келишет. ОТК бардык санитардык эпидемиологиялык, гигиеналык, өрт жана техникалык коопсуздук эрежелеринин ченемдеринин сакталышы менен салынган. Таза дааратканалар, кол жуучу раковиналардын саны талапка ылайык келет. Ысык суу, муздак суу менен тынымсыз камсыздалган. Өрт өчүрүү системасы толугу менен талапка ылайык жасалган. Өрт | **Тиркеме 1.7.1.**<br>Өрт коопсуздугу боюнча актылар<br><br>**Тиркеме 1.7.2.**<br>Эвакуация планы<br><br>**Тиркеме 1.7.3.**<br>План эвакуации<br><br>**Тиркеме 1.7.4.**<br>Санитардык текшерүүнүн |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | өчүрүүчү каражаттар жетиштүү. ОТК өрт коопсуздугу, санитардык-гигиеналык талаптар жана видеокөзөмөл системасы камсыздалган. Коопсуздук боюнча түшүндүрүү иштери үзгүлтүксүз жүргүзүлөт.<br>Мектеп типтүү, 2 кабаттуу, жарык, жылуу. Суу менен камсыз болушу, энергияны сактоо шарттары түзүлгөн, терезелер пластиктен, канализация, ички сантүйүндөр талапка ылайык. Кол жуугуч аристон менен туташкан. Мектептин айланасы тегерете тосулган. Кире бериште график боюнча кызматкерлерден түзүлгөн атайын кызматкер отурат. Ал келген коноктордун кирип чыгуусун атайын журналга белгилеп, тиешелүү жетекчилерге ээрчитип же чакырып берүү милдетин аткарат. Ден соолугу чектелгендерге пандус орнотулган. Өрт коопсуздугу жана жер титирөөлөрдө эвакуация схемалары илинген, кошумча чыгуу эшиктер белгиленген. Физикалык коопсуз чөйрөнү түзүү боюнча бардык шарттар талапка ылайык келет.<br>Психологиялык коопсуздукту камсыздоо боюнча ОТКнын Уставында белгиленген “Мугалимдин жүрүш-турушунун нормалары жөнүндө” жобо, “Класс жетекчи жөнүндө” жобо, “Окуучунун кодекси” жана ушундай сыяктуу жоболордун негизинде окуу процессинин катышуучуларынын мамилелери белгиленип көрсөтүлгөн. Ага ылайык класс жетекчилер, ОТКнын психологу белгиленген категориядагы балдар менен иш алып барат: сурамжылоо жүргүзөт, аңгемелешүү, тегерек стөл ж.б алдын алуу иштерин жүргүзүшөт. Жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөөчү кызматкер менен бирдикте психолог ишеним почтасы, жекече сүйлөшүү аркылуу көйгөйлөрдү аныктап иш алып барат. Мугалимдер менен окуучулардын өз ара мамилелери | жыйынтыгы<br><br>**Тиркеме 1.7.5.**<br>Техникалык коопсуздук боюнча интруктаж журналы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жөнүндө жыл сайын жылдын аягында анкета алынат, аңгемелешүү жүрүп турат. Анын жыйынтыгы педагогикалык кеңеште каралып тиешелүү чечимдер кабыл алынат. Катышуучулардын өз ара мамилелерин жакшыртууга жакшы натыйжасын берет. | |

**<u>Күчтүү жактары:</u>**

- Стратегиялык жана жылдык пландоо системалуу жүргүзүлөт.
- Мониторинг жана ички көзөмөл ишке ашырылат.
- Ата-энелер жана коомчулук менен активдүү кызматташтык бар.
- Окуучулардын жетишкендиктери туруктуу өсүүдө.
- Коопсуздук чаралары талапка ылайык уюштурулган.

**Алсыз жактары:**

- Айрым ата-энелердин мектеп ишине активдүүлүгү төмөн.
- Материалдык-техникалык базаны жаңыртуу муктаждыгы бар.

| № | Өзүн-өзү баалоонун критерийлери | Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы | Далил базасы |
|---|---|---|---|
| **Стандарт 2. Адам ресурстарын башкаруу** | | | |
| **2.1.** | **Адам ресурстарын башкаруунун ачык жана объективдүү механизмдери жана жол-жоболору, анын ичинде персонал жана окуучулардын жүрүм-турумунун этикалык ченемдерине ээ.** | ОТКда адам ресурстарын башкаруу Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына жана билим берүү тармагындагы ченемдик укуктук актыларга ылайык жүргүзүлөт. Кадрларды тандоо, жайгаштыруу жана кызматтык милдеттерди бөлүштүрүү ачык жана объективдүү принциптерине негизделет. ОТКда педагогикалык этика кодекси, окуучулардын жүрүм-турум эрежелери жана ички тартип жобосу иштелип чыгып, аткарылат. Мектепте билим берүү программасын ишке ашыруучу педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын курамы билим берүү мыйзамдарынын талаптарына ылайык түзүлгөн. Педагогдордун басымдуу бөлүгү жогорку билимдүү адистер болуп саналат. Акыркы 5 жыл ичинде педагогикалык кызматкерлердин саны 39дан 47ге чейин көбөйгөн. Бул кадрдык потенциалдын туруктуу өнүгүүсүн көрсөтөт. Мугалимдердин квалификациясы, билими жана иш тажрыйбасы окутуу программасын сапаттуу ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет. Конфликттик кырдаалдарды жөнгө салуу үчүн мектеп администрациясы жана ата-энелер комитети менен биргеликте иш жүргүзүлөт. ОТКда өткөрүлгөн иш-чаралар боюнча отчеттор, маалымдамалар социалдык тармактарда берилип турат. Ата-энелер жана мыйзамдуу өкүлдөр менен ОТКнын ортосунда келишим бар. Окуу-тарбия иштери коомчулукка дайыма маалымдалып турат. Ар бир айда фойеде аткарылган иштер тууралуу сүрөттөр аркылуу баяндалат, о.э. жалпы ата-энелер чогулушу жана класстык ата-энелер чогулушунда, ата-энелерге маалымат берилип турат. Ыраазычылык каттар жөнөтүлөт. | **Тиркеме 2.1.1.** Положение о дисципилинарных взысканях раб.<br><br>**Тиркеме 2.1.2.** Кызматтык милдеттер<br><br>**Тиркеме 2.1.3.** Жүрүм-турум кодекси<br><br>**Тиркеме 2.1.4.** Окуучулардын ички тартип эрежелери<br><br>**Тиркеме 2.1.5.** Жумушка кабыл алуу арызы жана буйругу<br><br>**Тиркеме 2.1.6.** Эмгек келишими<br><br>**Тиркеме 2.1.7.** Эмгек китепчеси |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Жергиликтүү Мамлекеттик уюмдар, Агартуу министрлиги, Бишкек шаардык билим берүү башкармалыгы, Октябрь райондук билим берүү бөлүмү, Бишкек шаардык кенеши ж.б. бейөкмөт уюмдар менен иш алып барат. Кыргыз билим берүү академиясы жана Кесиптик квалификацияны жогорулатуу институту менен тыгыз иш алып барат. Республиканын ар тарабынан кесибин жогорулатууга келген мугалимдер сабактарга катышып, тажырыйба менен алмашышат.<br>-Кыргыз Манас-Түрк университети<br>-Ж.Баласагын атындагы улуттук университет<br>-И.Арабаев атындагы мамлекеттик университет<br>-К.Карасаев атындагы БМУ<br>-КМЮА<br>-АУЦА<br>-КТУнун студенттеринин практикалык иштери үчүн зор мүмкүнчүлүк түзүүчү аянтча болуп эсептелинет. | **Тиркеме 2.1.8.**<br>Матричная форма |
| **2.2.** | **Билим берүү уюму персоналды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүүнү жана квалификациясын жогорулатууну** | Мектепте педагогикалык кадрлардын кесиптик өнүгүүсүнө өзгөчө көңүл бурулат. Мугалимдер республикалык жана аймактык деңгээлдеги квалификацияны жогорулатуу курстарынан өтүшөт. Ички усулдук иштер (семинарлар, мастер-класстар, ачык сабактар, тренингдер) үзгүлтүксүз уюштурулат.Жаш мугалимдерге насаатчылык системасы иштейт. Жыл сайын усулдук бирикмелер тарабынан кесиптик өнүгүү боюнча план иштелип чыгат. | **Тиркеме 2.2.1.**<br>Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу сертификатары<br><br>Усулдук бирикменин жылдык иш планы.<br><br>**Тиркеме 2.2.2** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **камсыз кылат.** | | Семинардын программасы<br><br>**Тиркеме 2.2.3.**<br>Жаш мугалимдер менен иштөө планы<br><br>Насаатчылык боюнча жобо |
| **2.3.** | **Билим берүү уюму персоналдын ишин баалоонун, алардын натыйжалары боюнча чечимдерди кабыл алуунун ачык-айкын, объективдүү механизмдерине** | ОТКда педагогикалык кызматкерлердин ишин баалоо ички көзөмөлдүн жана сапатты камсыз кылуу системасынын негизинде жүргүзүлөт. Баалоо төмөнкү механизмдер аркылуу ишке ашырылат:<br><br>• администрация тарабынан сабактарга системалуу катышуу;<br>• билим сапатынын көрсөткүчтөрүн талдоо (чейректик, жылдык жыйынтыктар);<br>• усулдук бирикмелердин өз ара сабакка катышуу анализи;<br>• тарбия ишинин натыйжалуулугун баалоо;<br>• ата-энелер жана окуучулар арасында жүргүзүлгөн сурамжылоолор;<br>• мугалимдердин портфолиосун кароо. | **Тиркеме 2.2.4.**<br>Сабакка катышуу журналы<br><br>**Тиркеме 2.2.5.**<br>Билим сапаты боюнча аналитикалык маалымат<br><br>**Тиркеме 2.2.6.**<br>Педагогикалык кеңештин протоколдору<br>протокол<br>протокол<br><br>**Тиркеме 2.2.7.** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **жана көрсөткүчтөрүнө ээ.** | Баалоонун жыйынтыгы педагогикалык кеңеште талкууланып, төмөнкү чечимдер кабыл алынат:<br>✔ квалификациясын жогорулатууга сунуштоо;<br>✔ усулдук жардам көрсөтүү;<br>✔ насаатчы дайындоо;<br>✔ сыйлоо жана дем берүү;<br>✔ аттестацияга сунуштоо. | Сыйлоо жана дем берүү боюнча буйруктар<br><br>**Тиркеме 2.2.8.**<br>Мыкты мугалим номинациясы жөнүндө жобо<br><br>**Тиркеме 2.2.9.**<br>Сурамжылоонун жыйынтыктары (окуучулар арасында)<br><br>Сурамжылоонун жыйынтыгы (ата-энелер арасында) |

**Күчтүү жактары:**

- Кадрларды башкаруу ачык жана мыйзамдуу негизде жүргүзүлөт;
- Педагогикалык этика кодекси иштейт;
- Жогорку билимдүү педагогдордун үлүшү жогору
- Педагогикалык кадрлардын туруктуулугу
- Квалификацияны жогорулатуу системасынын болушу
- Ички мониторинг жана сабакка катышуу системалуу жүргүзүлөт:
- Насаатчылык механизми бар;
- Санариптик кадрлык маалымат базасы толук автоматташтырылган.
- Мугалимдердин инновациялык технологияларды колдонуу деңгээли жетиштүү.

**Алсыз жактары:**

- Эл аралык деңгээлдеги квалификациялык программаларга катышуу аз.
- Магистр даражасына ээ педагогдордун санын дагы көбөйтүүнү талап кылуу.

**Сунуштар:**

- Инновациялык педагогикалык технологиялар боюнча атайын тренингдерди уюштуруу.
- Эл аралык онлайн-курстарга катышууну көбөйтүү.
- Айрым мугалимдердин санариптик технологияларды колдонуу деңгээлин жогорулатуу
- Педагогдордун квалификациясын жогорулатуу курстарына активдүү катышуусун камсыз кылуу
- Санариптик билим берүү технологияларын колдонуу боюнча кошумча окутууларды уюштуруу
- Жаш адистер үчүн насаатчылык (ментордук) системасын өнүктүрүү

| № | Өзүн-өзү баалоонун критерийлери | Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы | Далил базасы |
|---|---|---|---|
| **Стандарт 3. Материалдык жана маалыматтык ресурстар** | | | |
| **3.1.** | **Билим берүү уюму окуучулардын жана персоналдын ар кандай топтору үчүн жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарды жана алардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.** | Мектеп окуу процессин сапаттуу уюштуруу үчүн зарыл болгон материалдык-техникалык жана маалыматтык ресурстар менен камсыздалган. Кабинеттер предметтик өзгөчөлүктөрүнө жараша жабдылган. Китепкана фонду жаңыртылып турат.<br><br>SOS ОТК имаратынын техникалык паспорту бар. Жалпы аянты S= 12937.0м2 2 кабаттуу, 25 класстык кабинет спорт зал, китепкана, медициналык пункту, жыйын залы жана ашкана иштейт.<br><br>SOS Г.Гмайнер ОТКда билим берүү процессин сапаттуу уюштуруу учун керектүү материалдык-техникалык база бар.<br>- Компьютер-14<br>- Ноутбуктар-25<br>- Принтерлер -25<br>- Экран -14<br>- Проектор -19<br>- Интерактивная доска-4<br>- Интерактивный панель -2<br>- 3D принтер -4<br><br>Окуу класстары заманбап парталар, интерактивдүү доскалар, проектор, экран компьютер, панелдер жана информатика кабинети 3D принтер менен жабдылган. Физика жана химия лабораторияларында тажрыйба жүргүзүү үчүн керектүү приборлор жана реактивдер бар. Спорт залында волейбол, баскетбол топтору | **Тиркеме 3.1.1.**<br>Мектептин техпаспорту<br><br>**Тиркеме 3.1.2.**<br>Мектептин лицензиясы<br><br>**Трикеме 3.1.3.**<br>Инвентардык ведомосту<br><br>**Тиркеме 3.1.4.**<br>фото отчет |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жана гимнастикалык жабдыктар толук. Ашкана санитардык нормаларга жооп берген заманбап плиталар, муздаткычтар, мештер менен камсыз болгон. Ашканага 180 бала отурган орун бар. 2024-жылы ашканага вентиляциясы реконструкция болгон.<br><br>Мектепте өзгөчө муктаждыгы бар окуучулар үчүн атайын психолог консультация берип турат, инклюзия комнатасы бар жана жума сайын дене тарбия мугалими атайын шаймандар менен физкультура терапиясын жүргүзөт.<br><br>Мугалимдер үчүн жогорку ылдамдыктагы интернет, принтер жана көчүрмө аппараттары бар. Ар бир предметтик кафедра ноутбук техника менен толук жабдылган.<br><br>Мектепте өзгөчө муктаждыгы бар окуучулар үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн, кире бериште пандустар орнотулган, биринчи кабаттагы эшиктердин босоголору алынып, майыптардын арабасы менен жүрүүгө ылайыкташтырылган пандус бар.<br><br>Мектептеги бардык материалдык-техникалык жабдуулар боюнча инвентаризация жүргүзүлүп, тиешелүү инвентаризациялык ведомость түзүлгөн.<br><br>Компьютердик класс, мультимедиялык каражаттар, интернет байланышы иштейт. Окуучулар жана мугалимдер үчүн окуу-методикалык материалдар жеткиликтүү. Өзгөчө муктаждыгы бар окуучулар үчүн шарттар (пандус, ылайыктуу санитардык шарттар) каралган. | |
| **3.2.** | **Билим берүү уюмунда материалдык жана** | SOS ОТК МТБ жана маалыматтык ресурстар программанын талдоо – бул билим берүүнүн сапатын камсыздоо үчүн | **Тиркеме 3.2.1.** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **маалыматтык ресурстарды жакшыртуунун механизмдери жана көрсөткүчтөрү бар.** | үзгүлтүксүз жүргүзүлүүчү процесс. Ар бир окуу жылынын башталышында жана аягында мектеп администрациясы МТБнын абалын, компьютердик жабдууларын жана интернеттин жеткиликтүүлүгүн милдеттүү түрдө талдайт.<br><br>Окуу планындагы практикалык жана лабораториялык иштерди химия-биология сабактарда өткөрүү үчүн керектүү жабдуулардын бар-жогу текшерилет. Окуучулардын заманбап технологияларга болгон талаптары анкеталоо жана сурамжылоо аркылуу аныкталат.<br><br>МТБны талдоо формалдуу түрдө жылына бир жолу (инвентаризация), жүргүзүлүп турат.<br><br>Мектепте материалдык базаны жакшыртуу жылдык жана стратегиялык пландын негизинде жүргүзүлөт. Муктаждыктарды аныктоо үчүн мониторинг жүргүзүлөт. Ата -энелер комитети менен биргеликте ресурстарды жаңылоо ишке ашырылат.<br><br>Жыл сайын жабдууларды жаңылоо жана оңдоо иштерине бюджеттик жана кошумча каражаттар бөлүштүрүлөт. | Мектептин техпаспорту<br><br>**Тиркеме 3.2.2.**<br><br>Материалдык жана маалыматтык ресурстардын диаграммасы |
| **3.3.** | **Билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасы билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук талаптарына шайкеш келет.** | SOS ОТКда окуучулардын жана кызматкерлердин коопсуздугун камсыз кылуу максатында бир катар локалдык актылар иштелип чыккан.<br><br>Мисалы:- Өрт копсуздугу боюнча:<br><br>- Эмгек коргоо боюнча<br><br>- Өзгөчө кырдаалдарда эвакуациялоо планы.<br><br>Мектеп аймагында – 17 шт видеокөзөмөл орнотулган | **Тиркеме 3.3.1.**<br>Өрт коопсуздугу боюнча акт.МЧС<br><br>**Тиркеме 3.3.2.**<br>Санитардык текшерүүнүн жыйынтыгы<br>Сан текшерүү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Күзөт кызматы иштейт<br><br>Кирүү- чыгуу журнал аркылуу иштейт<br><br>Өрт сигнализациясы орнотулган<br><br>Чердак өрткө каршы пропитка менен иштелип чыккан.<br><br>Эвакуациялык чыгуулар белгиленген.<br><br>Өрт өчүргүчтөр бардык кабаттарда жайгаштырылган<br><br>Бул системалар окуучулардын жана кызматкерлердин коопсуздугун камсыз кылууга жардам берет.<br><br>МТБнын абалына туруктуу түрдө ички контроль жүргүзүлөт.<br>Мисалы:<br>- жыл сайын инвентаризация жүргүзүлөт<br>- кабинеттердин жабдуулары текшерилет<br>- Оргтехникалардын иштөө абалы каралат<br>-Бузулган жабдуулар боюнча деффектилик актылар түзүлөт. Коопсуздук боюнча текшерүүлөр белгилүү мөөнөттөрдө жүргүзүлөт. Мисалы: Өрт коопсуздугу жылына 1-2 жолу<br>- Эмгекти коргоо<br>-жыл сайын инструктаж,<br>- Эвакуациялык машыгуу<br>– жылына 2-3 жолу.<br>Мектеп имараты санитардык-гигиеналык, өрт жана техникалык коопсуздук талаптарына жооп берет. Эвакуация пландары илинген. Өрт өчүрүү каражаттары жаңыртылган. | **Тиркеме 3.3.3.**<br>Инструктаж журналы<br><br>**Тиркеме 3.3.4.**<br>Медициналык пункт боюнча маалымат<br><br>**Тиркеме 3.3.5.**<br>СЭС<br><br>**Тиркеме 3.3.6.**<br>Эвакуация планы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Коопсуздук техникасы боюнча инструктаждар өткөрүлөт. Медициналык пункт иштейт. | |

**Күчтүү жактары:** SOS Герман Гмайнер ОТКда окуучуларга жана кызматкерлерге керектүү негизги шарттарды түзүүгө аракет кылып келет. Окуу кабинеттерде жетиштүү эмеректер жана техникалык каражаттар бар. Акыркы жылдары МТБда жаңыланып, ноутбуктар, принтерлер, интерактивдүү панелдер алынып, сабактарды заманбап ыкмада өткөрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн.
**Алсыз жактары**: Айрым окуу кабинеттерде интерактивдик панель, техникалар толук жетишсиз болуп, бардык мугалимдерге бирдей деңгээлде колдонууга мүмкүнчүлүк ала бербейт. Айрым жабдуулар эскирип калгандыктан, аларды жаңылоо зарылдыгы бар. Ошондой эле маалыматтык ресурстарды жана санариптик окуу материалдарын көбөйтүү талап кылынат. Физика жана химия кабинеттери үчүн лабораториялык жабдуу зарылчылыгы бар.

**Сунуштар:** МТБны мындан да ары жакшыртуу максатында кошумча техникалык жабдууларды алуу, эски жабдууларды жаңылоо сунушталат. STEM жана лабораториялык жабдууларды жаңылоо. Гранттык долбоорлорго катышуу аркылуу кошумча ресурстарды тартуу; Китепкана фондун электрондук форматта толуктоо;

| № | **Өзүн-өзү баалоонун критерийлери** | Өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгы | Далил базасы |
|---|---|---|---|
| **Стандарт 4. Финансылык ресурстарды башкаруу** | | | |
| **4.1.** | **Билим берүү уюму финансыны башкарууда, бюджетти аткарууда ачыктыкты жана айкындуулукту, негизделген финансылык пландоону камсыз кылат.** | ОТК бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы каражаттарды мыйзам чегинде пайдаланат. Жылдык смета түзүлүп бекитилет.<br>Бишкек шаарындагы SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплексинин (ОТК) финансыны башкаруу саясаты мекеменин ички документтери, ошондой эле SOS Children's Villages эл аралык федерациясынын глобалдык стандарттары менен жөнгө салынат.<br>Комплекс «Кыргызстандын SOS Балдар айылдары» коомдук фондунун курамына киргендиктен, анын финансылык ишмердүүлүгү төмөнкү документтерде чагылдырылган:<br>Мекеменин ички ченемдик документтери<br>Мекеменин уставы: мүлктү жана каражаттарды калыптандыруунун булактарын, ошондой эле аларды тескөөнүн тартибин аныктоочу негизги юридикалык документ.<br><br>Эсепке алуу саясаты: КР мыйзамдарына ылайык бухгалтердик жана салыктык эсепти жүргүзүү эрежелерин белгилеген документ.<br><br>Билим берүү кызматтары үчүн акы төлөө жөнүндө жобо: окуу акысын, ошондой эле «Балдар айылдарынын» тарбиялануучулары жана социалдык жактан корголбогон үй-бүлөлөрдүн балдары үчүн жеңилдиктерди белгилейт.<br><br>Жылдык бюджет жана финансылык план: фонддун жетекчилиги тарабынан бекитилүүчү, мектептин жана бала бакчанын чыгымдарын | **Тиркеме 4.1.1.**<br>Жылдык смета<br>Финансылык отчет<br>(Мэрия менен түзүлгөн келишим)<br><br>Бухгалтерия<br><br>Бала бакча |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | камсыздоо үчүн киреше жана чыгаша беренелери деталдуу жазылган документ.<br><br>Мамлекеттик жөнгө салуу<br>КР Бюджеттик жана Салыктык кодекстери: билим берүү ишмердүүлүгүнүн субъекти катары мекеменин финансылык саясаты жооп бериши керек болгон тышкы ченемдер (алкактар).<br><br>Фигура<br>Герман Гмайнер ОТКда бюджетти карап чыгуу жана бекитүү — бул мекеменин статусуна (жеке фонд менен муниципалдык колдоонун айкалышы) байланыштуу көп деңгээлдүү процесс.<br><br>Бюджетти карап чыгуу процесси төмөнкү этаптардан өтөт:<br>Долбоорду түзүү<br>Директор башында турган ОТКнын администрациясы келерки календардык жылга бюджеттин долбоорун түзөт.<br><br>Эсептөөлөрдө эмгек акыга кеткен чыгымдар, имараттарды күтүү, жетим балдардын тамак-ашы жана окуу куралдарына (билим берүү материалдарына) жумшалуучу каражаттар эске алынат.<br><br>Каржылоонун негизги булактары жана механизмдери<br>• Уюштуруучу жана кайрымдуулук фонддору: Негизги каржылоо «SOS Кыргызстан балдар айылдары» коомдук фондунан жана «SOS-Kinderdorf International» эл аралык уюмунан түшөт. Бул каражаттар мекеменин негизги керектөөлөрүн жана социалдык программаларды ишке ашырууну камсыздайт. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | • Мамлекеттик колдоо: Шаардык кеңештин токтомдоруна ылайык, Бишкек шаарынын бюджети чыгымдардын айрым беренелерин биргелешип каржылай алат. Тактап айтканда, мугалимдердин жана тарбиячылардын эмгек акысына, ошондой эле мекеменин коммуналдык кызматтарын төлөөгө каражат бөлүү каралган.<br><br>• Акы төлөнүүчү билим берүү кызматтары: Окуу-тарбия комплекси (ОТК) комплекстүү билим берүү уюму (бала бакча жана мектеп) катары иш алып барат. Каржы агымы ошондой эле жеке жактар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде окутуу жана кошумча кызматтар үчүн төлөмдөрдүн эсебинен калыптанат.<br><br>2. Уюштуруучу менен макулдашуу (Фонддун деңгээли)<br><br>«SOS Кыргызстан балдар айылдары» коомдук фондунда карап чыгуу: Мектеп SOS тармагынын бир бөлүгү болгондуктан, бюджеттин долбоору фонддун улуттук кеңсесинде экспертизадан өтөт.<br><br>Максаттуу пайдаланууну текшерүү: Фонд чыгымдардын уюмдун социалдык стандарттарына (аялуу балдарды колдоо) шайкештигин талдайт.<br><br>3. Мэрияда жана Шаардык кеңеште карап чыгуу (Муниципалдык деңгээл)<br><br>Бишкек шаары комплексти багууну (ал эми тактап айтканда, мугалимдердин эмгек акысын жана коммуналдык кызматтарды) | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | биргелешип каржылагандыктан, бюджеттик табыштама шаардык түзүмдөр аркылуу өтөт.<br><br>- Билим берүү департаменти: Жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүү тууралуу сурамдын негиздүүлүгүн талдайт.<br><br>- Бишкек шаардык кеңеши (БШК): Тармактык комиссиялар шаардын жалпы бюджетинин алкагында Окуу-тарбия комплексин (ОТК) каржылоо маселесин карашат.<br><br>Бюджеттин аткарылышы жана контролдоо<br><br>Сатып алуу механизмдери: Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу бөлүгүндө бюджеттин аткарылышы көп учурда директордун буйруктарынын негизинде келишимди түз түзүү ыкмасы менен мамлекеттик сатып алуулар порталы аркылуу өтөт.<br><br>• Мектептин муктаждыктары үчүн товарларды сатып алуу (инвентарь, оңдоо иштери) алдын ала пландаштырылат жана расмий тендердик процедуралар аркылуу өткөрүлөт.<br><br>SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплекси үчүн автоматташтырылган системаларды ишке киргизүү — эл аралык донорлордун жана мамлекеттин алдында каржылык ачык-айкындуулукту камсыз кылуунун милдеттүү стандарты болуп саналат.<br>Каржыны автоматташтыруу аркылуу башкаруу бул жерде үч негизги деңгээлди камтыйт:<br>1. Бухгалтердик жана салыктык эсепке алуу<br>1С программасынын ылайыкташтырылган версиясы колдонулат, ал төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет: | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Каржылоо агымдарын бөлүштүрүүгө (шаардын бюджеттик каражаттары, ата-энелердин төгүмдөрү); Мамлекеттик салык кызматы жана КР Социалдык фонду үчүн отчетторду автоматтык түрдө түзүүгө.<br><br>Материалдык баалуулуктарды (эмерек, жабдуулар, окуу китептери) инвентардык номерлерине байлоо менен эсепке алууну жүргүзүүгө.<br><br>2. Ата-энелердин төгүмдөрүн эсепке алуу жана банктык интеграция<br>«Тирүү» акча чогултууну жана коррупциялык тобокелдиктерди болтурбоо үчүн система төмөнкүдөй автоматташтырылган:<br>Накталай эмес эсептешүү: Окутуу үчүн бардык төлөмдөр окуучулардын уникалдуу өздүк эсептери аркылуу банктык терминалдар же мобилдик тиркемелер (мисалы, MBANK, Демир банк, Элкарт Мобайл) аркылуу өтөт.<br><br>Автоматтык түрдө салыштырып текшерүү: Банктан төлөмдөрдүн келип түшүшү тууралуу маалыматтар мектептин маалымат базасына автоматтык түрдө жүктөлөт, бул бухгалтерияга карыздарды реалдуу убакыт режиминде көрүүгө мүмкүндүк берет.<br><br>Мекеме мамлекеттик платформаларды төмөнкүлөр үчүн колдонот:<br><br>Отчеттуулук: КР мамлекеттик органдарына бардык каржылык жана статистикалык отчетторду тапшыруу электрондук кол тамганы (ЭЦП) колдонуу менен өзгөчө электрондук түрдө жүргүзүлөт.<br><br>Герман Гмайнер ОТКда акча каражаттарынын кыймылы (АКК) жөнүндө отчетторду тапшыруу процесси катуу регламенттелген жана | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мамлекеттик порталдар менен ички системалар аркылуу өтөт. Кандай отчеттор тапшырылат?<br>1. №3 форма «Акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчет»:<br>Бул негизги жылдык отчет болуп саналат. Анда үч багыт боюнча бардык кирешелер жана төлөмдөр белгиленет: операциялык (окутуу, эмгек акы), инвестициялык (техника сатып алуу, оңдоо иштери) жана каржылык ишмердүүлүк (гранттар, кредиттер).<br><br>2. Атайын каражаттар боюнча отчет (Ата-энелердин төлөмдөрү):<br><br>Акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынан түшкөн каражаттардын келип түшүшү жана жумшалышы жөнүндө кварталдык отчет.<br><br>3. Сметанын аткарылышы жөнүндө отчет (Бюджеттик каражаттар):<br><br>Бишкек мэриясынын алдындагы отчет; ал коммуналдык кызматтарга бөлүнгөн акчанын максаттуу багытта жумшалганын тастыктайт.<br>Бардык этаптардан өткөндөн кийин бюджет же Кирешелер жана чыгашалар сметасы Фонддун Башкармалыгынын чечими менен жана (муниципалдык каражаттар бөлүгүндө) Бишкек шаардык кеңешинин (БШК) кезектеги жылга шаардын бюджети жөнүндө токтому менен бекитилет . (2021, 2022, 2023, 2024, 2025) | |
| **4.2.** | **Билим берүү уюму дайыма тышкы финансылык аудиттен өтүп турат.** | ОТК тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан финансылык текшерүүдөн өтөт. Аудиттин жыйынтыгы боюнча сунуштар аткарылат. SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплексиндеги каржылык аудит жана контролдоо башкаруунун милдеттүү элементтери болуп саналат, анткени мекеме «SOS Children's Villages» эл аралык федерациясынын түзүмүнө кирет жана мамлекеттин, ошондой эле донорлордун алдында отчет берет. Окуу-тарбия комплексинин (ОТК) каржылык контролдоо системасы тутумдуу мүнөзгө ээ: жылдык тышкы аудит отчеттуулуктун | **Тиркеме 4.2.1.**<br>Аудиттик текшерүүнүн актысы<br>Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча чаралар планы<br>Бухгалтерия |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | ачык-айкындуулугун тастыктайт. Ал эми үзгүлтүксүз ички мониторинг бекитилген каржы пландарынын так сакталышын камсыз кылат.<br>Окуу-тарбия комлекси (ОТК) “SOS Кыргызстан балдар айылдары” коомдук фондунун түзүмдүк бөлүмү болгондуктан, ар бир каржы жылынын жыйынтыгы боюнча көз карандысыз эл аралык аудитордук компаниялар тарабынан аудит жүргүзүлөт.<br>• Текшерүү адатта отчеттук жылдан кийинки жылдын биринчи кварталында өтөт.<br>Уюмда ички контролдоонун көп деңгээлдүү системасы иштейт:<br>1. Операциялык контроль: иш жүзүндөгү чыгымдарды бекитилген бюджет менен ай сайын салыштырып текшерүү<br>2. Регионалдык текшерүүлөр: регионалдык кеңсенин адистери каржылык тартипти пландык түрдө текшерип турушат.<br>3. Ички аудит: ички процесстердин натыйжалуулугун жана тобокелдиктерди башкарууну баалоо үчүн жылына кеминде бир жолу өткөрүлөт.<br>4. Аудитордук корутундулар SOS Герман Гмайнер окуу – тарбия комплексинин жана “SOS Кыргызстан балдар айылдары” КФнын ишмердүүлүгүндө каржылык отчеттуулуктун ачык-айкындуулугун, каражаттардын максаттуу пайдаланышынын жана Эл аралык каржылык отчкттуулук стандарттарынын (ЭКОС/МСФО) сакталышын тастыктайт. | |
| **4.3.** | **Билим берүү уюму финансылык ресурстарды башкаруунун механизмдерин жана жол-жоболорун дайыма жакшыртып турат.** | Финансылык башкаруу системасы жыл сайын талдоодон өтүп, оптималдаштырылат. Чыгымдарды рационалдуу пайдалануу боюнча иш-чаралар кабыл алынат.<br>SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплексинде каржыны башкаруу «SOS Children’s Villages» тармагынын катаал эл аралык стандарттарынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарынын айкалышына негизделген<br><br>Негизги механизмдер төмөнкүлөрдү камтыйт: | **Тиркеме 4.3.1.**<br>Финансылык башкаруу боюнча ички жобо<br>Чыгымдарды оптималдаштыруу боюнча план<br><br>бухгалтерия |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Мектеп каражаттарга болгон муктаждыкты (окуу куралдарына, тамак-ашка, ондоо иштерине) өз алдынча аныктайт, ал андан кийин Бишкектеги фонддун Улуттук кеңсесинде коргоо жана бекитүү процедурасынан өтөт.<br><br>Коррупциялык тобокелдиктерди жоюу максатында, белгиленген босогодон жогору болгон ар кандай товарларды же кызматтарды сатып алуу конкурстук комиссия аркылуу гана жүзөгө ашырылат.<br>Товарларды жана кызматтарды сатып алуу бөлүгүндө бюджеттин аткарылышы көп учурда директордун буйруктарынын негизинде, келишимди түз түзүү ыкмасы менен мамлекеттик сатып алуулар порталы аркылуу өтөт.<br>Мектептин муктаждыктары үчүн товарларды сатып алуу (инвентарь, ондоо иштери) алдын ала пландаштырылат жана расмий тендердик процедуралар аркылуу өткөрүлөт.<br><br>Кызматкерлер тарабынан накталай акча кабыл алууну жокко чыгарган окуу акысын эсепке алуунун автоматташтырылган системасы (төлөмдөр банктык терминалдар жана тиркемелер аркылуу жүргүзүлөт).<br><br>Ар бир валюта бирдигинин максаттуу колдонулушуна кепилдик берген үзгүлтүксүз текшерүүлөрдүн механизми (ички, регионалдык жана тышкы эл аралык). | |
| **4.4.** | **Персоналга жана окуучуларга социалдык колдоо көрсөтүү.** | Мектеп социалдык жактан аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына колдоо көрсөтөт (ысык тамак, окуу куралдары). Мугалимдерге материалдык колдоо жана дем берүү чаралары каралган. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | SOS Герман Гмайнер окуу-тарбия комплексинде (ОТК) колдоо көрсөтүүгө каражат бөлүү «SOS Кыргызстан балдар айылдары» фондунун жалпы стратегиясына интеграцияланган, анда социалдык миссия артыкчылыктуу багыт болуп саналат.<br><br>1. Каражат бөлүүнүн механизмдери жана процедуралары<br>Каражаттар жылдык бюджеттик пландоо аркылуу бөлүштүрүлөт.<br><br>Окуучулар үчүн: Социалдык карта түзүүнүн (анкеталарды жана үй-бүлөлөрдүн жашоо шарттарын талдоонун) негизинде атайын комиссия жеңилдиктердин категориясын аныктайт. Кызматкерлер үчүн: Каражат бөлүүнү Эмгекке акы төлөө жана социалдык колдоо жөнүндө жобо жөнгө салат.<br><br>2. Социалдык колдоонун түрлөрү<br><br>Окуучулар үчүн:<br><br>Жеңилдетилген окутуу: Контракттык төлөмгө 50%дан 100%га чейинки арзандатуулар (өзгөчө SOS-айылдарынын тарбиялануучулары жана райондогу аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдары үчүн).<br>Акысыз тамак-аш: Ысык тамак жана түштөн кийинки жеңил тамак менен камсыздоо.<br><br>Окуу материалдары: Акысыз окуу китептерин жана кеңсе товарларын берүү.<br><br>Кызматкерлер үчүн: | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Балдарын окутууга жеңилдиктер: Кызматкерлердин балдары үчүн Окуу-тарбия комплексинде (ОТК) окууга көп учурда арзандатуулар берилет.<br><br>Медициналык колдоо: Комплекстин штатында ден соолукка туруктуу мониторинг жүргүзүп, алдын ала текшерүүлөрдү өткөрүп туруучу медициналык кызматкерлер бар.<br><br>Мектепте зомбулукка кабылган, ата-энесинен ажыраган же буллингге туш болгон балдардын жеке кейстери менен иштеген штаттык психологдор жана социалдык педагогдор иштейт. Бул ОТКны кадимки мектептерден айырмалап турат.<br><br>3. Каржы ресурстарынын көлөмү<br>Так сандар ички коммерциялык сыр болуп саналат, бирок уюмдун стандарттарына ылайык:<br><br>ОТКдагы бюджеттик орундардын 20–25% чейинки бөлүгү социалдык жактан корголбогон балдар үчүн бөлүнөт.<br><br>Кызматкерлердин социалдык пакети эмгек акы фондунан сырткары олуттуу бөлүктү түзөт (Кыргызстандагы эл аралык бейөкмөт уюмдардын деңгээлине шайкеш келет).<br><br>5. Окутуудагы колдоо (Кесиптик өнүгүү)<br>Бул ОТКнын эң күчтүү багыттарынын бири:<br><br>Кызматкерлер: Кыргызстанда жана чет өлкөлөрдө (SOS International билим берүү программаларынын алкагында) туруктуу тренингдер, | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | квалификацияны жогорулатуу курстары өткөрүлөт. Фонд көп учурда мугалимдердин сертификациясын толугу менен каржылайт.<br><br>Окуучулар: Зээндүү балдар үчүн олимпиадаларга катышууну каржылоо, ийрим ишмердүүлүгү жана кесипке багыт берүүчү курстар каралган. | |

**Күчтүү жактары:**

- Финансылык отчеттуулук ачык жүргүзүлөт;
- Аудиттен үзгүлтүксүз өтүп турат;
- Социалдык колдоо механизми бар.

**Алсыз жактары:**

- Гранттык долбоорлорго катышуу жетишсиз

**Сунуштар:**

1. Гранттык программаларга активдүү катышуу

## ЖАЛПЫ АНАЛИТИКАЛЫК КОРУТУНДУ

Жүргүзүлгөн өзүн-өзү баалоонун жыйынтыгында SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплексинин ишмердүүлүгү билим берүү сапатын камсыз кылуунун минималдуу талаптарына негизинен шайкеш келери аныкталды. Мектепте башкаруу, кадрдык саясат, материалдык-техникалык камсыздоо жана финансылык туруктуулук системалуу түрдө уюштурулган.

Билим берүү сапатын камсыз кылуу саясаты стратегиялык жана учурдагы пландардын негизинде ишке ашырылат. Башкаруу процесси ачыктык, коллегиалдуулук жана жоопкерчилик принциптерине таянат. Кызыкдар тараптар (ата-энелер, окуучулар) мектептин ишине тартылган.

Адам ресурстарын башкаруу системасы мыйзамдык-нормативдик актыларга ылайык жүргүзүлүп, персоналдын кесиптик өнүгүүсүнө шарттар түзүлгөн. Ички мониторинг жана баалоо механизмдери иштейт.

Материалдык жана маалыматтык ресурстар билим берүү процессин уюштурууга жетиштүү деңгээлде камсыздалган. Коопсуздук талаптары сакталат. Бирок техникалык базаны модернизациялоо жана санариптик ресурстарды кеңейтүү келечектеги артыкчылыктуу багыт болуп саналат.

Финансылык ресурстарды башкарууда ачыктык жана отчеттуулук принциптери сакталат. Мектеп тышкы аудиттен өтүп турат. Социалдык жактан колдоого муктаж окуучуларга жардам көрсөтүлөт. Кошумча каржылоо булактарын тартуу жана гранттык долбоорлорго активдүү катышуу мүмкүнчүлүгү бар.

## Өнүгүүнүн артыкчылыктуу багыттары:

1. Санариптик башкаруу жана мониторинг системасын толук киргизүү;
2. Персоналды баалоонун сандык көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу;
3. Материалдык-техникалык базаны жаңылоо жана STEM багытын күчөтүү;
4. Гранттык жана инвестициялык долбоорлор аркылуу кошумча каржылоо тартуу;
5. Академиялык беделди республикалык деңгээлде жогорулатуу;

## Жалпы жыйынтык:

SOS Бишкек шаардык Герман Гмайнер атындагы окуу-тарбия комплекси туруктуу өнүгүү багытында иш алып барууда жана сапатты камсыз кылуу системасы калыптанган. Өзүн-өзү баалоо процессинде аныкталган алсыз жактар өнүгүү мүмкүнчүлүгү катары каралып, аларды жоюу боюнча конкреттүү иш-чаралар пландалган. Билим берүү уюму белгиленген стандарттарга ылайык иш алып барууга жөндөмдүү жана мындан ары да сапатты жогорулатууга умтулат.

**Комиссиянын төрайымы:**

**Мейрманова Сауле Жаксуликовна** ____________________

**Комиссиянын мүчөлөрү**

Нурманбетова Айгүл Ташиевна ____________________

Кулалиева Нурайым Рысбековна ____________________

Каримова Жаңылкан Абдрахмановна ____________________

Абатбекова Чынара Туратбековна ____________________

Ниязалиева Назира Согушбековна ____________________

Замирбек кызы Айдай ____________________

Калыгулова Кенже Дуйшеналиевна ____________________

Кыдралиева Гүлзат Абылбековна ____________________

Абазганова Мырзайым Асейиновна ____________________